А.Коёнкөзов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин 8-11-классынын окуучулары менен ИИБнүн кызматкерлери менен бирдикте өткөргөн лекцянынын протоколу.

Катышкандар : Мектеп директору: Мукамбетова Э.Б

ИДН кызматкери Калкаманов М.К

Мектептин уюштуруучусу: Рыспаева А.Б

Мектептин соц педогогу: Эгембердиев Н.М

КҮН ТАРТИБИ

1 Эрте турмуш куруу.Лекция

**УГУЛДУ:**

Күн тартибиндегеи маселе боюнча ИДН кызматкери Калкаманов М.К сөз алып төмөнкүлөргө токтолду.

Жашы жете электерден тарта он сегиз,он тогуз жашта турмушка чыгуу эрте деп эсептелет.Бул курактагылардын төрөлгөн балдардын тсанына жараша эрте турмуш куруу көбөйүп жатканын көрүп жатабыз.Гендердик адистер: эне сүтү оозунан кете элек:жаш кыз үй бүлөнун жүгүн көтөрө албайт дешет.Бул ажырашууга,аялдарды коргоосуз калуусуна алып келүүдө.Бул аялдардын жакырчылыгы деген көрунүшү күчөтүп жатат.

Кыздардын экономикалык жактан корголбогону үй-бүлөөдөгү зомбулука алып келет дейт.Алар билим алган эмес,көз карандысыз жашап кете албайт.Андыктан ур токмоко,кемсинтүүгө чыдашат.Айрымдары өмүр бою чыдап өтсө,айрымдары ажырашат.Ушинтип эрте турмуш куруудан көптөгөн үй бүлөөлөр жабыркап жатат.

Соц педогог Эгембердиев Н.М төмөнкүлөргө токтолду.

Эрте турмуш куруу көйгөйү өлкөнүн баардык аймактарындагы чоң көйгөйлүү курч маселеге айланып калгандыгы,бул көйгөй менен жалпы коомчулук менен күрөшүү зарылдыгын айтып эре турмуш куруу кылмышка тете экендигин белгиледи.

Уюштуруучу Рыспаева А.Б эрте турмуш куруугa шашпай жакшы окуп,келечеке максаттуу кадам таштап,билимдүү кесипкөй болгонго аракет кылыш керек.Турмушка чыгыш оңой бирок жашаш өтө татаал.Турмушка даярданбай туруп,турмуш куруунун аягы өкүнүч менен бүтөт.

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ**

1 ИДН кызматкери Калкаманов М.К нын билдирүүсү көңүлгө алынсын

2 мектеп администрациясына окуучулар жана ата-энелер арасында эрте турмуш курууга карата иш-чараларды уюштуруп,түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

3 Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө жагы тарбия иштери боюнча директордун орун басары Бекбосунов У.Н, соц педогог Эгембердиев Н.М милдеттендирилсин.

А.Коёнкөзов атындагы №18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектеби 16.09.20022

Катышты: 11- киши

Укук бузуу жана кылмыштуулукту алдын алуу кеңешинин чогулушу.

Каралуучу маселелер.

1 Мектепте укук бузуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу кеңешин түзүү.

Мектеп соц педогогу Эгембердиев Н.М сөзү: Урматтуу мектеп администрациясы жана укук коргоо органдары,2022-2023 окуу жылында мектепте тартипти көзөмөлдөө,кылмыштуулуктун алдын алуу максатында укук бузуу жана кылмыштуулуктун алдын алуу кеңешин түзүп алсак.Менин сунушум бул кеңеш 8- кишиден турсун.

Мектеп директору  Мукамбетова Э.Б: бул кеңешке сөпсүз түрдө аксакал кеңешин кошуш керек.бизде азыр аксакал кеңеши ким?

Уюштуруучу Рыспаева А.Б сөзү: Азыр айылдык аксакалдар кеңешинде 7- киши бар.Ошонун ичинен Асанбаев К.К агайды биздин курамга кошолу.

Соц педогог Эгембердиев Н.М сөзү: Кеңештин курамы:Мектептин директору Мукамбетова Э.Б.

Уюштуруучу: Рыспаева А.Б,соц педогог: Эгембердиев Н.М, аксакалдар кеңеши:Асанбаев К.К . ИДН Калкаманов М.К ата энелер комитети: Кендирбаева Л. Кыздар камитетинин төрайымы:Садырова Ф.

## Чечим:

1. Мектептин укук бузуу жана кылмыштуулукту алдын алуу кеңеши 9- кишиден түзүлсүн
2. Жогорудагы кеңештин курамы мектепткеги тартип ,кылмыштуулуктун алдын алуу,зордук зомбулукту болтурбоо максатында тынымсыз иштерди алып баруусу кеңештин ар бир мүчөөсүнө милдеттендирилсин.

# Проткол №3

Катышты: 9 киши

25.11.2022 жыл

Каралуучу маселелер: Мектепте зордук-зомбулукту алдын алуу үчүн иш чараларды иштеп чыгуу.Ишеним кутучасына түшкөн каттар боюнча иш жүргүзүү.

Соц педогог Эгембердиев Н.М сөзү:2022-2023 окуу жылынын башында мектептин 1 кабатында ишеним кутучасы уюштурулган.Ал күнүгө дежурный мугалимдер жана соц педогог тарабынан 6- сабактан кийин текшерилет.Сентябрь айынан бери бир да кат келип түшө элек.Мектепте зордук зомбулукту каттоо журналы уюштурулган.

Мектеп директору Мукамбетова Э.Б сөзү: Журнал кунугө толтурулабы?

Мектеп уюштуруучусу рыспаева А.Б чыкты. Зордук-зомбулуктун алдын алуу үчүн ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүшсүн.Жогорку класстын окуучулары менен ИДН кызматкерлери тез тезден келип жолугууларды өтүп турса.

ИДН кызматкери Калкаманов М.К сөзү: Эжей мен да сиздин сөзүнүзгө кошулам.Мен айына 2 жолудан мектепке келип чогулуш өтүп турууга аракет кылам.

Чогулушта жогоорудагыларды угуп жана талкуулап чечим кылат:

1 Ишеним кутучасын карап үзгүлтүксүз иш алып баруу  жагы соц педогог Эгембердиев Н.М милдеттендирилсин.

2 Зордук-зомбулуктун алдын алуу үчүн класстык саатарды өтүү,жогоку класстардын окуучуларына чогулуштарды өтүп туруу ар бир класс жетекчиге,соц педогог Эгембердиев Н.М жана ИДН кызматкери Калкаманов М.К көргөзүлсүн.